**«Грин Телеком Сервис» ЖЧКсынын купуялуулук саясаты**

1. Жалпы жоболор

1. Бул купуялуулук саясаты (мындан ары - Саясат) Кыргыз Республикасынын «Жеке мүнөздөгү маалымат жөнүндө» Мыйзамынын 4-беренесинин 2-бөлүгүнүн талаптарын аткаруу максатында иштелип чыкты жана «Грин Телеком Сервис» Жоопкерчилиги чектелген коомунун (мындан ары - Кармоочу/Иштеп чыгуучу) жеке маалыматтарды иштеп чыгуунун укуктук жана уюштуруучулук негиздерин аныктайт.

2. Бул Саясат жеке маалыматтардын субъектисинин жеке маалыматтарын иштеп чыгууда анын укуктарын жана эркиндиктерин коргоону камсыздоого багытталат жана Кармоочу/Иштеп чыгуучу тарабынан автоматташтырылган режимде да, ансыз да, жеке маалыматтар менен жүргүзүлүүчү бардык операцияларга жайылтылат.

3. Жеке маалыматтардын субъекттеринин негизги укуктары жана милдеттери:

1) Жеке маалыматтардын субъекттери төмөнкүлөргө укуктуу:
- Кармоочу/Иштеп чыгуучу тарабынан иштелип чыгуучу алардын жеке маалыматтары тууралуу толук маалыматка;
- алардын жеке маалыматтарына жетүүгө, анын ичинде алардын жеке маалыматтарын камтыган кайсы болбосун жазуунун көчүрмөсүн алуу укугуна, Кыргыз Республикасынын «Жеке мүнөздөгү маалымат жөнүндө» Мыйзамында каралган учурлардан тышкары;
- эгерде жеке маалыматтар толук эмес, эскирген, так эмес, мыйзамсыз алынган болуп саналган же иштеп чыгуунун билдирилген максаты үчүн зарыл болуп саналбаган учурларда алардын жеке маалыматтарын тактоого, бөгөттөөгө же жок кылууга;
- өз укуктарын коргоо боюнча мыйзамда каралган чараларды көрүүгө, анын ичинде жеке маалыматтар боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга кайрылууга.
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган башка укуктарды ишке ашырууга.

2) Жеке маалыматтардын субъекттери төмөнкүлөргө милдеттүү:
- Кармоочуга/Иштеп чыгуучуга өзү жөнүндө анык маалыматтарды гана берүүгө;
- иштеп чыгуунун максаты үчүн зарыл болгон көлөмдөгү жеке маалыматтарды камтыган документтерди берүүгө;
- Кармоочуга/Иштеп чыгуучуга өз жеке маалыматтарын тактоо (жаңыртуу, өзгөртүү) тууралуу билдирүүгө.

4. Кармоочунун/Иштеп чыгуучунун негизги укуктары жана милдеттери.

1) Кармоочу/Иштеп чыгуучу төмөнкүлөргө укуктуу:
- жеке маалыматтардын субъектисинен жеке маалыматтарды камтыган анык маалыматты жана/же документтерди алууга;
- субъект тарабынан берилген жеке маалыматтарды тактоого.

2) Кармоочу/Иштеп чыгуучу төмөнкүлөргө милдеттүү:
- жеке маалыматтарды Кыргыз Республикасынын «Жеке мүнөздөгү маалымат жөнүндө» Мыйзамында белгиленген тартипте иштеп чыгууга;
- жеке маалыматтардын субъектисинин жеке маалыматтарды иштеп чыгуу тууралуу суроолору боюнча кайрылууларын карап чыгууга жана жоопторду арыз берилген күндөн тарта 7 күндөн ашык эмес мөөнөттө берүүгө;
- жеке маалыматтардын субъектисине анын жеке маалыматтарына бекер жетүү мүмкүндүгүн берүүгө;
- жеке маалыматтардын субъектисинин кайрылуусуна байланыштуу жеке маалыматтарды

актуалдаштыруу боюнча чараларды көрүүгө;
- жеке маалыматтарды коргоону Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына ылайык уюштурууга.

5. Кармоочу/Иштеп чыгуучу, бул Саясатка жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, кайсы болбосун түрдөгү коммуникацияда жеке маалыматтардын субъекти берген жеке маалыматтарды чогултат, колдонот жана коргойт.

2. Иштелип чыгуучу жеке маалыматтардын көлөмү жана категориялары, жеке маалыматтардын субъекттеринин категориялары

6. Кармоочу/Иштеп чыгуучу төмөнкү жеке маалыматтардын субъекттеринин жеке маалыматтарын иштеп чыгат:

- Колдонуучу

7. Кармоочу/Иштеп чыгуучу тарабынан иштелип чыгуучу жеке маалыматтарга төмөнкүлөр кирет:

- толук аты-жөнү

- туулган күнү

- сүрөтү

- дареги

- паспорттук маалыматтары (паспорттун сериясы, номери, качан жана ким тарабынан берилген)

- cookie файлдары

- электрондук почтасы

- телефон номери

8. Кармоочу иштелип чыгуучу жеке маалыматтардын мазмуну жана көлөмү иштеп чыгуунун билдирилген максаттарына шайкештигин камсыздайт, жана зарыл болгон учурда иштеп чыгуунун билдирилген максаттарына карата алардын ашыктыгын четтетүү боюнча чараларды көрөт.

9. Расалык же этникалык тегин, улуттук таандыгын, саясий көз караштарын, диний же философиялык ишенимдерин ачыктаган, ошондой эле ден соолугунун абалына жана жеке жашоосуна тиешелүү жеке маалыматтардын атайын категорияларын иштеп чыгуу Кармоочу/Иштеп чыгуучу тарабынан жүргүзүлбөйт / Кыргыз Республикасынын «Жеке мүнөздөгү маалымат жөнүндө» Мыйзамынын 8-беренесине каттуу ылайык жүргүзүлөт.

11. Өзгөртүүлөрдү бул Саясатка сөзсүз түрдө тиркөө менен жана жеке маалыматтардын субъекттерине кайсы болбосун жеткиликтүү ыкма (расмий сайт, кулактандыруу, пуш-билдирүү, электрондук почтага кат жөнөтүү ж.б.) аркылуу билдирүү менен жеке маалыматтардын тизмелери жана жеке маалыматтардын субъекттеринин категориялары Кармоочу тарабынан кайра каралып чыгышы мүмкүн.

3. Жеке маалыматтарды чогултуунун максаттары

12. Жеке маалыматтар төмөнкү алдын ала аныкталган жана мыйзамдуу максаттарда Кармоочу/Иштеп чыгуучу тарабынан иштелип чыгат:

- электрондук каттарды жөнөтүү аркылуу Колдонуучуга маалымдоо

- жарандык-укуктук келишимдерди түзүү, аткаруу жана токтотуу

- Колдонуучуга сервистерге, веб-сайтта камтылган маалыматтарга жана/же материалдарга жетүү мүмкүндүгүн берүү

4. Жеке маалыматтарды иштеп чыгуунун укуктук негиздери

13. Кармоочу/Иштеп чыгуучу тарабынан жеке маалыматтарды иштеп чыгуунун укуктук негиздери болуп төмөнкүлөр саналат:

- Кыргыз Республикасынын Конституциясы;

- Кыргыз Республикасынын Жарандык кодекси;

- Кыргыз Республикасынын «Жеке мүнөздөгү маалымат жөнүндө» Мыйзамы;

- Кармоочунун/Иштеп чыгуучунун уставдык документтери;

- Кармоочу/Иштеп чыгуучу менен жеке маалыматтардын субъекттери ортосунда түзүлүүчү келишимдер;

- жеке маалыматтарды иштеп чыгууга жеке маалыматтардын субъекттеринин макулдуктары;

- Террористтик ишти каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттенүү жөнүндө мыйзам

5. Жеке маалыматтарды иштеп чыгуу тартиби жана шарттары

14. Кармоочу/Иштеп чыгуучу тарабынан жеке маалыматтарды иштеп чыгуу төмөнкү ыкмалар менен ишке ашырылат:

- Аралаш

15. Кармоочу/Иштеп чыгуучу тарабынан жүргүзүлүүчү жеке маалыматтарды иштеп чыгуу өзүнө төмөнкүнү камтыйт: жеке маалыматтарды чогултуу, жаздыруу, сактоо, актуалдаштыруу, топтоштуруу, бөгөттөө, өчүрүү жана жок кылуу максаттарында, автоматтык каражаттар менен же аларсыз, ыкмаларына карабастан жүргүзүлүүчү кайсы болбосун операцияларды же операциялардын топтомун.

16. Жеке маалыматтарды иштеп чыгуу, жеке маалыматтардын субъектисинин макулдугун алган шартта, жеке маалыматтарды иштеп чыгуу мындай Макулдуксуз ишке ашырылууга мүмкүн болгон мыйзамдарда белгиленген учурлардан тышкары, Кармоочу/Иштеп чыгуучу тарабынан ишке ашырылат.

17. Жеке маалыматтардын субъекти анын жеке маалыматтарын берүү жөнүндө чечимди кабыл алат жана аны кагаз алып жүрүүчүдө жазуу жүзүндө же болбосо Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык электрондук кол тамга менен кол коюлган электрондук документ түрүндө берет.

18. Жеке маалыматтарды иштеп чыгууну токтотуунун шарты болуп жеке маалыматтарды иштеп чыгуунун максаттарына жетүү, жеке маалыматтарды актуалдаштыруу, ошондой эле жеке маалыматтарды бейукук иштеп чыгууну табуу саналуусу мүмкүн.

19. Жеке маалыматтардын субъектисинин макулдугу бар болгон учурда, иштеп чыгуунун максаттарына жетүү үчүн, маалыматтардын алуучусуна бул маалыматтардын купуялуулугунун режимин сактоо милдетин жүктөлгөн шартта, Кармоочу/Иштеп чыгуучу жеке маалыматтарды үчүнчү жактарга өткөрүп берүүгө укуктуу.

20. Жеке маалыматтарга бейукук же кокустан жетүү мүмкүндүгүнөн, жеке маалыматтарды жок кылуудан, өзгөртүүдөн, бөгөттөөдөн, көчүрүүдөн, берүүдөн, жайылтуудан, ошондой эле жеке маалыматтарга карата башка бейукук аракеттерден коргоо үчүн Кармоочу/Иштеп чыгуучу жеке маалыматтарды иштеп чыгууда зарыл болгон укуктук, уюштуруучулук жан техникалык чараларды көрөт же көрүлүүсүн камсыздайт.

21. Жеке маалыматтар аларды чогултуунун максаттарын аткарууга зарыл болгон мөөнөттөн узак убакытка сакталбоосу шарт. Сактоо мөөнөттөрү жеке маалыматтардын субъектисинин кызыкчылыктары үчүн гана же эгерде бул Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралаган болсо узартылуусу мүмкүн.

6. Жеке маалыматтарды актуалдаштыруу, оңдоо, өчүрүү жана жок кылуу, жеке маалыматтарга жетүү боюнча жеке маалыматтардын субъекттеринин суроолоруна жооптор

22. Жеке маалыматтардын анык эместиги же аларды иштеп чыгуу бейукук экендиги тууралуу факты далилденген учурда, Кармоочу/Иштеп чыгуучу тарабынан мындай жеке маалыматтарды чогултуунун, сактоонун жана иштеп чыгуунун мыйзамдуулугуна жараша жеке маалыматтар актуалдаштырууга, бөгөттөлүүгө же болбосо жок кылынууга тийиш, же аларды иштеп чыгуу тиешелүү түрдө токтотулуусу керек.

23. Жеке маалыматтардын анык эместиги же аларды иштеп чыгуу бейукук экендиги тууралуу фактылар боюнча жеке маалыматтардын субъекти түздөн-түз Кармоочуга же болбосо жеке маалыматтар боюнча Ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга кайрылууга укуктуу.

24. Жеке маалыматтардын субъектисинин суроосу боюнча Кармоочу/Иштеп чыгуучу төмөнкү маалыматты көрсөтүү менен ал тарабынан жүргүзүлүүчү жеке маалыматтарды иштеп чыгуу тууралуу маалыматты билдирүүгө милдеттүү:

- Кармоочу/Иштеп чыгуучу тарабынан жеке маалыматтарды иштеп чыгуу фактын такстыктоо;
- жеке маалыматтарды иштеп чыгуунун укуктук негиздери жана максаттары;
- жеке маалыматтарды иштеп чыгуунун максаттары жана Кармоочу/Иштеп чыгуучу тарабынан колдонулуучу ыкмалары;
- Кармоочунун аталышы жана жайгашкан жери, жактар тууралуу маалыматтар (жеке маалыматтар массивин Кармоочу менен түзүлгөн келишимдин негизинде же мыйзамдын негизинде жеке маалыматтарга жетүү мүмкүндүгү бар же жеке маалыматтар өткөрүлүп берилүүсү мүмкүн кармоочунун кызматкерлеринен тышкары);
- жеке маалыматтардын тийиштүү субъектисине караштуу иштелип чыгуучу жеке маалыматтар, аларды алуу булагы;

- жеке маалыматтарды иштеп чыгуу мөөнөттөрү, анын ичинде аларды сактоо мөөнөттөрү;
- жеке маалыматтарды актуалдаштыруу, бөгөттөө жана жок кылуу маселелери боюнча жеке маалыматтардын субъекти тарабынан өз укуктарын ишке ашыруу тартиби;
- жеке маалыматтарды ишке ашырылган же болжолдонгон трансчегаралык өткөрүп берүү тууралуу маалымат.

25. Эгерде субъект суралган маалыматка жетүү укугуна ээ болбосо, ага жүйөлүү баш тартуу жөнөтүлөт.

26. Жеке маалыматтарды сактоо мөөнөтү өткөн соң жана аларды чогултуунун максаттарына жеткен соң жеке маалыматтар эки аптанын ичинде жок кылынууга тийиш. Жок кылуу акт менен тастыкталат, анын көчүрмөсү жеке маалыматтардын субъектисинин жазуу жүзүндөгү суроосу боюнча ага тапшырылуусу мүмкүн.

7. Корутунду жоболор

27. Жеке маалыматтарды иштеп чыгууга тиешелүү, бул Саясатта чагылдырылбаган бардык мамилелер Кыргыз Республикасынын «Жеке мүнөздөгү маалымат жөнүндө» Мыйзамынын жоболоруна ылайык жөнгө салынат.

28. Кармоочу/Иштеп чыгуучу бул Саясатка өзгөртүүлөрдү киргизүүгө укуктуу. Өзгөртүүлөр киргизилген учурда актуалдуу редакциясында акыркы жаңыртуунун күнү көрсөтүлөт. Саясаттын жаңы редакциясын жарыялоо күнүнө чейин 14 иш күнүнөн кечиктирбестен пландалган өзгөртүүлөр тууралуу сөзсүз түрдө алдын ала жарыялоо шарты менен, таанышып чыгуу мүмкүндүгүн түзүү үчүн жаңы редакция эркин жетүү шартында жайгаштырылган учурдан тарта Саясаттын жаңы редакциясы күчүнө кирет.